# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Чет өлкөлөрдөгү мекендештерди колдоо боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери жөнүндө**

2013-жылдын 27-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

Ушул Мыйзам чет өлкөлөрдөгү мекендештерди колдоо боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын принциптерин жана максаттарын жана аны жүзөгө ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин негизги багыттарын белгилейт.

**1-берене. Мекендештерди колдоо боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын принциптери жана максаттары**

1. Мекендештерге карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясаты Кыргыз Республикасынын ички жана тышкы саясатынын курамдык бөлүгү болуп саналат жана укуктук, дипломатиялык, социалдык, экономикалык, маалыматтык, билим берүүчү, уюштуруучулук жана ушул Мыйзамда белгиленген принциптерди жана максаттарды турмушка ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзам менен белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары ишке ашыруучу башка чаралардын жыйындысын билдирет.

2. Мекендештерге карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясаты төмөндөгүлөрдү таанууга негизделет:

1) адамдын жана жарандын төрөлгөндөн берки негизги укуктарынын жана эркиндиктеринин ажырагыстыгын жана ар бирине таандуулугун;

2) мекендештердин жарандык, саясий социалдык, экономикалык, маданий жана башка укуктарын жана эркиндигин, ошондой эле эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери менен ченемдерине ылайык алардын жашап турган мамлекеттеги мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуунун зарылдыгын;

3) мекендештердин укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу жаатында мамлекеттер менен өз ара аракеттенүүнү;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Об основах государственной политики по поддержке соотечественников за рубежом**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 27 июня 2013 года

Настоящий Закон устанавливает принципы и цели государственной политики Кыргызской Республики по поддержке соотечественников за рубежом и основные направления деятельности органов государственной власти Кыргызской Республики по ее реализации.

**Статья 1. Принципы и цели государственной политики Кыргызской Республики в отношении поддержки соотечественников**

1. Государственная политика Кыргызской Республики в отношении соотечественников является составной частью внутренней и внешней политики Кыргызской Республики и представляет собой совокупность правовых, дипломатических, социальных, экономических, информационных, образовательных, организационных и иных мер, осуществляемых органами государственной власти Кыргызской Республики в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики, вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика, законодательством Кыргызской Республики для претворения в жизнь принципов и целей, установленных настоящим Законом.

2. Государственная политика Кыргызской Республики в отношении соотечественников основывается на признании:

1) неотчуждаемости и принадлежности каждому от рождения основных прав и свобод человека и гражданина;

2) необходимости обеспечения гражданских, политических, социальных, экономических, культурных и иных прав и свобод соотечественников, а также их законных интересов в государстве проживания в соответствии с общепризнанными принципами и нормами международного права;

3) взаимодействия государств в области обеспечения прав и свобод соотечественников.

3. Мекендештерге карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын максаты мамлекеттик колдоо көрсөтүү жана эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерине жана нормаларына, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ошондой эле адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу жана камсыз кылуу боюнча чет өлкөлүк мамлекеттердин мыйзамдарын, анын ичинде төмөндөгү укуктарды эсепке алуу менен жардам көрсөтүү болуп саналат:

1) өздөрүнүн кайталангыс өз алдынчалыгын ээн-эркин билдирүү, сактоо жана жүзөгө ашыруу, руханий жана интеллектуалдык потенциалын колдоо жана өнүктүрүү;

2) мекендештердин ортосундагы ар тараптуу байланышты жана Кыргыз Республикасы менен байланышты орнотуу жана ээн-эркин колдоо, Кыргыз Республикасынан маалыматтарды алып туруу;

3) коммерциялык эмес улуттук-маданий уюмдарды, жалпыга маалымдоо каражаттарын түзүү жана алардын ишине катышуу;

4) улуттук жана эл аралык деңгээлде коммерциялык эмес уюмдардын ишине катышуу;

5) жашап турган мамлекети менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы өз ара пайдалуу мамилелерди өнүктүрүүгө катышуу;

6) жашап туруучу жерлерди ээн-эркин тандоо же Кыргыз Республикасына кайтып келүү укугун ишке ашыруу.

**2-берене. Мекендештер менен мамиле түзүү жаатындагы мыйзамдар**

Мекендештер менен мамиле түзүү жаатындагы мыйзамдар эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери менен нормаларына, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзам менен белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге негизделет жана ушул Мыйзамдан, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

**3-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөндөгүдөй түшүнүктөр колдонулат:

1) чет өлкөлөрдөгү мекендештер (мындан ары – мекендештер) - Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкаркы жерлерде туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары;

2) чет өлкөлөр - Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкаркы жерлер;

3) жарандыкка таандуулук – тийиштүү түрдө Кыргыз Республикасынын же чет өлкөлүк мамлекеттин букарасы же жараны болуу;

4) чет өлкөлөрдө жашаган Кыргыз Республикасынын жараны – чет өлкөлүк мамлекеттин аймагында мыйзамдуу жашап турган, Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар адам;

5) жарандыгы жок адам - Кыргыз Республикасынын жараны болуп эсептелбеген жана башка мамлекеттин жарандыгына өзүнүн тиешелүүлүгүн далилдей албаган адам;

6) мекендештер менен Кыргыз Республикасынын мамилесинин катышуучусу (тараптар) - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

3. Цели государственной политики Кыргызской Республики в отношении соотечественников заключаются в оказании государственной поддержки и помощи соотечественникам в соответствии с общепризнанными принципами и нормами международного права, международными договорами Кыргызской Республики, законодательством Кыргызской Республики, а также с учетом законодательства иностранных государств в реализации и обеспечении прав и свобод человека и гражданина, в том числе прав:

1) свободно выражать, сохранять и развивать свою самобытность, поддерживать и развивать духовный и интеллектуальный потенциал;

2) устанавливать и свободно поддерживать всесторонние связи между соотечественниками и связи с Кыргызской Республикой, получать информацию из Кыргызской Республики;

3) создавать национально-культурные некоммерческие организации, средства массовой информации и участвовать в их деятельности;

4) участвовать в работе некоммерческих организаций на национальном и международном уровнях;

5) участвовать в развитии взаимовыгодных отношений между государствами проживания и Кыргызской Республикой;

6) осуществлять свободный выбор места жительства или реализовать право на возвращение в Кыргызскую Республику.

**Статья 2. Законодательство в области отношений с соотечественниками**

Законодательство в области отношений с соотечественниками основывается на общепризнанных принципах и нормах международного права, Конституции Кыргызской Республики, вступивших в установленном законом порядке в силу международных договорах, участницей которых является Кыргызская Республика, и состоит из настоящего Закона, других нормативных правовых актов Кыргызской Республики.

**Статья 3. Основные понятия, используемые в настоящем Законе**

В настоящем Законе используются следующие основные понятия:

1) соотечественники за рубежом (далее - соотечественники) - граждане Кыргызской Республики, постоянно проживающие за пределами территории Кыргызской Республики;

2) за рубежом - за пределами территории Кыргызской Республики;

3) гражданская принадлежность - наличие подданства или гражданства соответственно Кыргызской Республики или иностранного государства;

4) гражданин Кыргызской Республики, проживающий за рубежом, - лицо, имеющее гражданство Кыргызской Республики, законно проживающее на территории иностранного государства;

5) лицо без гражданства - лицо, не являющееся гражданином Кыргызской Республики, и не имеющее доказательств своей принадлежности к гражданству другого государства;

7) өз алдынчалуулугу – эне тили, мекендештердин салт-санаалары жана үрп-адаттары, алардын маданий мурастарынын жана диний өзгөчөлүгү.

**4-берене. Чет өлкөлөрдө жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары менен мамиленин негиздери**

1. Кыргыз Республикасы чет жерлерде өзүнүн жарандарын коргоону жана камкордукка алууну кепилдикке алат.

2. Чет өлкөлөрдө жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары өз укуктарынан пайдаланат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей деңгээлде милдеттерди алып жүрөт.

3. Эки жарандыгы, анын ичинде бири кыргыз жарандыгы бар адам укуктары жана эркиндиктери жагынан чектелүүсү мүмкүн эмес жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзам менен белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаса, Кыргыз Республикасынын жарандыгына тийиштүү милдеттерден бошотулбайт.

**5-берене. Мекендештерге карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын ишке ашыруу боюнча иштердин негиздери**

1. Мекендештерге карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын негизги багыттарын Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана ушул Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши аныктайт.

2. Мекендештерге карата адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо Кыргыз Республикасынын тышкы саясий ишинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

3. Кыргыз Республикасынын чет өлкөлүк мамлекеттер менен кызматташуу программасы тигил же бул мамлекеттин адамдын жана жарандын негизги укуктары жана эркиндиктери жаатындагы эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерин жана нормаларын сактоону эске алуу менен иштелип чыгылат, кабыл алынат жана жүзөгө ашырылат.

4. Чет өлкөдө жашаган Кыргыз Республикасынын жаранын дискриминациялоо мындай дискриминацияны жүргүзгөн чет өлкөлүк мамлекетке карата Кыргыз Республикасынын саясатын кайра карoo үчүн негиз боло алат.

5. Мекендештерге карата адамдын жана жарандын негизги укуктары жана эркиндиктери жаатындагы эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери жана ченемдери чет өлкөлүк мамлекет тарабынан сактабаганда мекендештердин кызыкчылыгын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары эл аралык укуктун ченемдеринде каралган чараларды кабыл алуу үчүн жетиштүү деңгээлде негиз болуп саналат.

**6-берене. Мекендештер менен мамиле жаатындагы мамлекеттик башкаруу жана контроль**

Мекендештер менен мамиле жаатында мамлекеттик башкаруу жана контроль Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

6) участники (стороны) отношений Кыргызской Республики с соотечественниками - органы государственной власти Кыргызской Республики и органы местного самоуправления;

7) самобытность - родной язык, традиции и обычаи соотечественников, особенности их культурного наследия и религии.

**Статья 4. Основы отношений с гражданами Кыргызской Республики, проживающими за рубежом**

1. Кыргызская Республика гарантирует своим гражданам защиту и покровительство за рубежом.

2. Граждане Кыргызской Республики, проживающие за рубежом, пользуются правами и несут обязанности наравне с гражданами Кыргызской Республики, проживающими на территории Кыргызской Республики, с учетом особенностей, установленных законами Кыргызской Республики.

3. Лица, имеющие двойное гражданство, одно из которых кыргызское, не могут быть ограничены в правах и свободах и не освобождаются от обязанностей, вытекающих из гражданства Кыргызской Республики, если иное не предусмотрено вступившим в установленном законом порядке в силу международным договором, участницей которого является Кыргызская Республика.

**Статья 5. Основы деятельности по реализации государственной политики Кыргызской Республики в отношении соотечественников**

1. Основные направления государственной политики Кыргызской Республики в отношении соотечественников определяет Жогорку Кенеш Кыргызской Республики в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики и настоящим Законом.

2. Защита основных прав и свобод человека и гражданина применительно к соотечественникам является неотъемлемой частью внешнеполитической деятельности Кыргызской Республики.

3. Программы сотрудничества Кыргызской Республики с иностранными государствами разрабатываются, принимаются и реализуются с учетом соблюдения тем или иным государством общепризнанных принципов и норм международного права в области основных прав и свобод человека и гражданина.

4. Дискриминация граждан Кыргызской Республики, проживающих за рубежом, может быть основанием для пересмотра политики Кыргызской Республики в отношении иностранного государства, в котором такая дискриминация имеет место.

5. Несоблюдение иностранным государством общепризнанных принципов и норм международного права в области основных прав и свобод человека и гражданина в отношении соотечественников является достаточным основанием для принятия органами государственной власти Кыргызской Республики предусмотренных нормами международного права мер по защите интересов соотечественников.

**Статья 6. Государственное управление и контроль в области отношений с соотечественниками**

Государственное управление и контроль в области отношений с соотечественниками осуществляются Правительством Кыргызской Республики и специально уполномоченным государственным органом.

**7-берене. Мекендештер менен мамиле жаатындагы мамлекеттин милдеттери**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) ушул Мыйзамга ылайык мекендештерди колдоо боюнча мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу боюнча иш чараларды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга;

2) алар жашап жаткан же жашап турушкан мамлекеттердин мыйзамдарында бекитилген адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзам менен белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ишке ашырууда мекендештерге көмөктөшүүгө, ошондой эле аларды коргоо жана калыбына келтирүү боюнча чараларды кабыл алууга.

**8-берене. Мекендештерге таандыкты таануу жана тастыктоо**

Кыргыз Республикасынан тышкары жерлерде туруктуу жашаган, эки жарандыгы, анын бири кыргыз жарандыгы бар Кыргыз Республикасынын жарандары жана адамдар жарандык таандуулугуна жараша мекендештер болуп саналат. Анын мекендештикке таандуулугун тастыктаган документ (күбөлүк) Кыргыз Республикасынын жарандыгын тастыктаган документ катары кызмат кылат.

**9-берене. Кыргыз Республикасы тарабынан адамдын жана жарандын негизги укуктары жана эркиндиктери жаатында мекендештерди колдоо**

1. Мекендештер төмөнкү жагдайда Кыргыз Республикасынын колдоосуна таянууга укуктуу:

1) адам укуктары жөнүндө эл аралык пактыда каралган өздөрүнүн негизги эркиндиктерин жана жарандык, саясий, экономикалык, социалдык, маданий жана башка укуктарын камсыз кылууда;

2) расасы, жынысы, тили, дини, саясий же башка ынанымдары, улуттук же социалдык теги, мекендешке таандуулугу, мүлктүк абалы же башка бардык шарттар боюнча дискриминация учурларына каршы багытталган өздөрүнүн аракеттеринде;

3) мыйзам алдында өздөрүнүн тең укугун камсыз кылууда.

**10-берене. Мекендештерди экономикалык жана социалдык жактан колдоо**

1. Мекендештерге карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары Кыргыз Республикасынын чарбакер субъектилерин мекендештердин чарбакер субъектилери менен кызматташуусун стимулдаштырууга, биргелешкен ишканаларды, жамааттарды жана коомдорду түзүүгө, Кыргыз Республикасынын экономикасына инвестициялоого мекендештердин катышуусуна көмөктөшүүгө, менчигинин түрүнө карабастан Кыргыз Республикасынын уюмдарынын, мекемелеринин жана ишканаларынын көпчүлүгүндө мекендештер иштеген чет өлкөлүк ишканалар менен байланышын кеңейтүүгө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана чет өлкөлүк мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык алардын ортосундагы өз ара пайдалуу кооперацияны өнүктүрүүгө милдеттүү.

2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин негизинде жана Кыргыз Республикасынын

**Статья 7. Обязанности государства в области отношений с соотечественниками**

Органы государственной власти Кыргызской Республики обязаны:

1) разрабатывать и осуществлять меры по реализации государственной политики по поддержке соотечественников в соответствии с настоящим Законом;

2) содействовать соотечественникам в реализации основных прав и свобод человека и гражданина, закрепленных в законодательстве государств их проживания или пребывания, вступивших в установленном законом порядке в силу международных договорах, участницей которых является Кыргызская Республика, законодательстве Кыргызской Республики, а также принимать меры по их защите и восстановлению.

**Статья 8. Признание и подтверждение принадлежности к соотечественникам**

Граждане Кыргызской Республики и лица, имеющие двойное гражданство, одно из которых кыргызское, постоянно проживающие за пределами Кыргызской Республики, являются соотечественниками в силу гражданской принадлежности. Документом (свидетельством), подтверждающим их принадлежность к соотечественникам, служит документ, удостоверяющий гражданство Кыргызской Республики.

**Статья 9. Поддержка Кыргызской Республикой соотечественников в области основных прав и свобод человека и гражданина**

Соотечественники вправе рассчитывать на поддержку Кыргызской Республики:

1) в обеспечении своих основных свобод и гражданских, политических, экономических, социальных, культурных и иных прав, предусмотренных международными пактами о правах человека;

2) в своих действиях, направленных против случаев дискриминации по признакам расы, пола, языка, религии, политических или иных убеждений, национального или социального происхождения, принадлежности к соотечественникам, имущественного положения или любого другого обстоятельства;

3) в обеспечении своего права на равенство перед законом.

**Статья 10. Поддержка соотечественников в экономической и социальной областях**

1. При осуществлении государственной политики Кыргызской Республики в отношении соотечественников органы государственной власти Кыргызской Республики обязаны стимулировать сотрудничество хозяйствующих субъектов Кыргызской Республики с хозяйствующими субъектами соотечественников, содействовать созданию совместных предприятий, товариществ и обществ, участию соотечественников в инвестициях в экономику Кыргызской Республики, поощрять связи организаций, учреждений и предприятий Кыргызской Республики независимо от форм собственности с иностранными предприятиями, на которых работают преимущественно соотечественники, развитие взаимовыгодной кооперации между ними в соответствии с законодательством Кыргызской Республики и законодательством иностранных государств.

мыйзамдарына ылайык мекендештердин социалдык жактан корголбой калган категорияларына социалдык жактан колдоо көрсөтө алат.

3. Өзгөчө кырдаалга кабылган мекендештерге гуманитардык жардам Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгиленген шарттарда жана тартипте берилиши мүмкүн.

**11-берене. Маданият, тил жана билим берүү жаатында мекендештерди колдоо**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары мекендештердин өз алдынчалыгынын ажырагыс элементтеринен болуп саналган алардын маданий мурастарын жана кыргыз тилин сактоо, бардык деңгээлде тең укуктуу билим алуу ишинде мекендештерди колдойт жана бул максаттарда чет мамлекеттердин мыйзамдарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тийиштүү аракеттерди көрүшөт.

2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары чет мамлекеттердеги мекендештердин улуттук-маданий коммерциялык эмес уюмдары менен ар тараптуу кызматташууну жүзөгө ашырат.

3. Маданий, илимий жана маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн мекендештерге Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги илим жана маданий борборлорун пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилет.

4. Өздөрүнүн маданий мурастарын сактоодо жана өнүктүрүүдө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары мекендештерге көмөктөшүү максатында:

1) мекендештердин маданий борборлоруна, маданий-агартуу уюмдарына, китепканаларга, архивдерге, музейлерге, театрларга, музыкалык жана хореографиялык ансамблдерге, көркөм студияларга жана башка кесипкөй жана ышкыбоз чыгармачыл жамааттарга жардам көрсөтөт;

2) мекендештердин маданий мурастарын окуп үйрөнүүгө көмөктөшөт;

3) Кыргыз Республикасы менен мекендештердин ортосундагы маданий алмашуулардын бардык түрлөрүнө көмөктөшөт.

5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары чет өлкөлүк мамлекеттин мыйзамдарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мекендештердин кыргыз тилин билүүсүн сактап калууга, кыргыз тилин, кыргыз элинин тарыхын жана маданий мурастарын окуп үйрөнүү үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшөт.

6. Чет өлкөлүк жарандарды республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен окутууга жана квалификациясын жогорулатууга кабыл алуунун квотасы белгиленген учурда милдеттүү түрдө мекендештердин кызыкчылыктары эске алынат.

7. Мекендештердин укуктары жана кызыкчылыктары эске алынган билим берүү мейкиндигин түзүү максатында Кыргыз Республикасы алар жашаган мамлекеттер менен билим берүү чөйрөсүндө макулдашылган саясатты иштеп чыгуу багытын жүргүзөт; билими, илимий даражасы жана илимий наамы тууралуу документтердин эквиваленттүүлүгүн таанууу жана белгилөө жөнүндө эл аралык келишимдерди түзөт.

**12-берене. Маалымат жаатында мекендештерди колдоо**

1. Кыргыз Республикасы мекендештердин маалыматтарды алуусун жана таркатуусун, алар жашаган мамлекеттин аймагында кыргыз тилинде маалыматтардын

2. Органы государственной власти Кыргызской Республики могут оказывать в социальной области поддержку социально незащищенным категориям соотечественников на основании международных договоров Кыргызской Республики и в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

3. Гуманитарная помощь соотечественникам, оказавшимся в чрезвычайных ситуациях, может быть предоставлена на условиях и в порядке, устанавливаемых Правительством Кыргызской Республики.

**Статья 11. Поддержка соотечественников в области культуры, языка и образования**

1. Органы государственной власти Кыргызской Республики поддерживают соотечественников в деле сохранения и развития их культурного наследия и кыргызского языка, являющихся неотъемлемыми элементами самобытности соотечественников, в получении ими равного доступа к образованию на всех уровнях и предпринимают с этой целью соответствующие действия в соответствии с международными договорами Кыргызской Республики, законодательством Кыргызской Республики с учетом законодательства иностранных государств.

2. Органы государственной власти Кыргызской Республики осуществляют всестороннее сотрудничество с национально-культурными некоммерческими организациями соотечественников в иностранных государствах.

3. Соотечественникам для удовлетворения культурных, научных и информационных потребностей предоставляется возможность использовать центры науки и культуры Кыргызской Республики в иностранных государствах.

4. В целях содействия соотечественникам в сохранении и развитии ими своего культурного наследия органы государственной власти Кыргызской Республики:

1) оказывают помощь культурным центрам, культурно-просветительским организациям, библиотекам, архивам, музеям, театрам, музыкальным и хореографическим ансамблям, художественным студиям и другим профессиональным и любительским творческим коллективам соотечественников;

2) способствуют изучению культурного наследия соотечественников;

3) содействуют всем видам культурного обмена между Кыргызской Республикой и соотечественниками.

5. Органы государственной власти Кыргызской Республики способствуют сохранению соотечественниками знания кыргызского языка, созданию условий для изучения кыргызского языка, истории и культурного наследия кыргызского народа в соответствии с международными договорами Кыргызской Республики, законодательством Кыргызской Республики с учетом законодательства иностранных государств.

6. В случае установления квоты на прием иностранных граждан на обучение и повышение квалификации за счет средств республиканского бюджета в обязательном порядке учитываются интересы соотечественников.

7. Кыргызская Республика в целях формирования образовательного пространства, в котором учитываются права и интересы соотечественников, проводит линию на выработку с государствами их проживания согласованной политики в области образования, заключает международные договоры о признании и об установлении эквивалентности документов об образовании, ученых степенях и ученых званиях.

пайдалануусун, жалпыга маалымдоо каражаттарын түзүүсүн, алар жашаган мамлекеттердин ортосунда, мекендештер менен Кыргыз Республикасынын ортосунда маалыматтык байланыштарды колдоону жана өнүктүрүүнү колдойт.

2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары мекендештерге карата жана алар жашаган мамлекеттердеги мекендештердин абалы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын ишке ашыруу тууралуу маалыматтарды жайылтуу боюнча чараларды кабыл алат.

3. Кыргыз Республикасы ички мамлекеттик мүнөздөгү чараларды кабыл алуу жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин түзүү жолу менен мекендештерге эне тилинде телекөрсөтүү жана радиоуктуруу аркылуу Кыргыз Республикасынан маалыматтарды мекендештерге берүү, мезгилдүү жана башка басма сөз басылмаларын, кинопродукцияларды, аудио-жана көрмөматериалдарды таркатуу үчүн зарыл шарттарды түзөт.

4. Кыргыз Республикасы мекендештерди маалымат менен камсыз кылууну ишке ашырган Кыргыз Республикасынын жалпыга маалымдоо каражаттарына бул милдеттерди аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык финансылык жана материалдык техникалык каражаттарды берет.

5. Кыргыз Республикасы мекендештерге таандык жалпыга маалымдоо каражаттарына Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзам менен белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ошол жалпыга маалымдоо каражаттары иштеп жаткан мамлекеттин мыйзамдарына ылайык колдоо көрсөтөт.

**13-берене. Мекендештер менен мамиле жаатындагы мамлекеттик мониторинг**

1. Кыргыз Республикасы мекендештер менен мамиле жаатында мамлекеттик мониторингди жүргүзөт, ага мекендештердин абалы жөнүндө маалыматтарды топтоо, талдоо жана баа берүү, маалыматтардын банкын түзүү, кырдаалды божомолдоо жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү кирет.

2. Мамлекеттик мониторингдин натыйжалары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарына, мекендештер менен Кыргыз Республикасынын мамилесинин башка катышуучуларына (тараптарына), мекендештер уюмуна, коммерциялык эмес уюмдарга, Кыргыз Республикасынын жалпыга маалымдоо каражаттарына жана чет өлкөлүк мамлекетке жөнөтүлүп маалымдалат.

3. Мекендештер менен мамиле жаатындагы мамлекеттик мониторингди жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**14-берене. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарындагы мекендештердин кызыкчылыгын коргогон өкүлчүлүк**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын алдында өкүлчүлүктүү коомдук-консультативдик орган – мекендештердин кеңеши (комиссиясы) түзүлүшү мүмкүн. Мекендештердин кеңештерин (комиссияларын) түзүүнүн тартиби, милдеттери жана функциялары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**15-берене. Мекендештер менен мамиле жаатындагы финансылык иштер**

1. Мекендештер менен мамилелер жаатындагы финансылык иштер республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

**Статья 12. Поддержка соотечественников в области информации**

1. Кыргызская Республика поддерживает соотечественников в получении и распространении информации, пользовании информацией на кыргызском языке на территориях государств их проживания, создании средств массовой информации, поддержании и развитии информационных связей между государствами их проживания, между соотечественниками и Кыргызской Республикой.

2. Органы государственной власти Кыргызской Республики принимают меры по распространению информации о реализации государственной политики Кыргызской Республики в отношении соотечественников и о положении соотечественников в государствах их проживания.

3. Кыргызская Республика создает необходимые условия для передачи соотечественникам информации из Кыргызской Республики посредством телевизионного вещания и радиовещания, распространения периодических и иных печатных изданий, кинопродукции, аудио- и видеоматериалов на родном языке соотечественников путем принятия мер внутригосударственного характера и заключения международных договоров Кыргызской Республики.

4. Кыргызская Республика предоставляет средствам массовой информации Кыргызской Республики, осуществляющим информирование соотечественников, финансовые и материально-технические средства для выполнения этой задачи в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

5. Кыргызская Республика оказывает поддержку принадлежащим соотечественникам средствам массовой информации в соответствии с вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика, законодательством Кыргызской Республики и законодательством государства, на территории которого функционируют эти средства массовой информации.

**Статья 13. Государственный мониторинг в области отношений с соотечественниками**

1. В Кыргызской Республике ведется государственный мониторинг в области отношений с соотечественниками, включающий в себя сбор, анализ и оценку информации о положении соотечественников, создание банка данных, прогнозирование ситуации и проведение научно-исследовательских работ.

2. Результаты государственного мониторинга доводятся до сведения органов государственной власти Кыргызской Республики, других участников (сторон) отношений Кыргызской Республики с соотечественниками, организаций соотечественников, некоммерческих организаций, средств массовой информации Кыргызской Республики и иностранных государств.

3. Порядок ведения государственного мониторинга в области отношений с соотечественниками определяется Правительством Кыргызской Республики.

**Статья 14. Представительство интересов соотечественников в органах государственной власти Кыргызской Республики**

При органах государственной власти Кыргызской Республики могут создаваться представительные общественно-консультативные органы - советы (комиссии) соотечественников. Порядок формирования, задачи и функции советов (комиссий) соотечественников определяются Правительством Кыргызской Республики.

2. Кыргыз Республикасында мекендештерди жана алардын уюмдарын финансылык жана материалдык жактан колдоо үчүн жеке жана юридикалык жактардын взносторунун эсебинен коомдук фонддор түзүлүшү мүмкүн. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары мекендештер менен мамиле жаатындагы Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактарынын кайрымдуулук иштерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык колдоого алат.

**16-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып алты айдын ичинде:

1) өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

2) чет өлкөлөрдө жашаган мекендештерге мамлекеттик колдоо боюнча Программаны иштеп чыксын жана бекитсин;

3) ушул Мыйзамды ишке ашырууну камсыз кылган керектүү ченемдик укуктук актыларды кабыл алсын.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А.Атамбаев**

Бишкек ш.
2013-жылдын 3-августу
№ 183.

**Статья 15. Финансирование деятельности в области отношений с соотечественниками**

1. Финансирование деятельности в области отношений с соотечественниками осуществляется за счет средств республиканского бюджета.

2. В Кыргызской Республике могут создаваться общественные фонды, образуемые из взносов физических и юридических лиц, для финансовой и материальной поддержки соотечественников и их организаций. Органы государственной власти Кыргызской Республики поощряют благотворительную деятельность физических и юридических лиц Кыргызской Республики в области отношений с соотечественниками в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

**Статья 16. Вступление в силу настоящего Закона**

1. Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

2. Правительству Кыргызской Республики в течение шести месяцев со дня вступления в силу настоящего Закона:

1) привести в соответствие с настоящим Законом свои нормативные правовые акты;

2) разработать и утвердить Программу по государственной поддержке соотечественников, проживающих за рубежом;

3) принять необходимые нормативные правовые акты, обеспечивающие реализацию настоящего Закона.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

г. Бишкек
3 августа 2013 года
№ 183